ОшМУнун МФТИТ институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын PhD докоранттарынын

№2 чогулушунун протоколу

*Төрага - Т.М. Жолдошов*
*Катчы - А.М.Мамадиярова*
*Катышкандар: кафедранын PhD программасынын докоранттары*

**К Ү Н Т А Р Т И Б И:**

1. «510200 — Колдонмо математика жана информатика» PhD билим берүү рограммасынын сапатын жогорулатуу жана илимий-методикалык ишмердүүлүктү өркүндөтүү жөнүндө. .

2. Докоранттардын илимий жетекчилери менен иш алып баруусу, илимий отчетторду талкуулоо тартиби.

3. Докоранттардын жеке өнүгүү планы жөнүндө.

4. Программа боюнча макала, конференция жана долбоорлорго катышуу абалы.

5. Ар түрдүү маселелер.

**УГУЛДУ:**

*Кафедра башчысы, программа жетекчи, т.и.к., доцент Жолдошов Т.М. :*

Биздин “Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн” кафедрасынын PhD билим берүү программасы боюнча иш системалуу түрдө жүргүзүлүп жатат. Азыркы учурда программа университеттин жалпы стратегиясына ылайык сапатты жогорулатууга жана илимий-методикалык ишмердүүлүктү өркүндөтүүгө багытталган.

Кафедранын профессордук-окутуучулар курамы тарабынан илимий семинарлар, тренингдер жана методикалык жолугушуулар үзгүлтүксүз уюштурулуп турат. Бул иш-чаралар PhD программасынын сапатын көтөрүүгө, окутуунун мазмунун жаңылоого жана изилдөө ишмердүүлүгүн жандандырууга өбөлгө түзүүдө.

PhD программасынын сапатын жогорулатуу — бул кафедранын гана эмес, университеттин жалпы илимий беделин көтөрүүчү маанилүү багыт. Ошондуктан

биз методикалык жана илимий иштерди дагы тереңдетип, ар бир докторантка жеке колдоо көрсөтүп иш алып баруудабыз.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

1.1 Программанын ишке ашырылышы боюнча маалымат эске алынсын, жана окуу-илимий иштин сапатын жогорулатуу боюнча сунуштар кийинки жыйындарда каралсын.

**.УГУЛДУ:**

Докторанттар өздөрүнүн илимий ишмердүүлүгүнүн абалы тууралуу жана илимий жетекчилери менен болгон иштин натыйжалуулугу жөнүндө маалымат беришти. Илимий изилдөөлөрдүн тематикасы жана аткарылган иштер талкууланды. Кээ бир докторанттар маалыматтарды талдоодо кошумча методикалык колдоо зарылдыгын белгилешти.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

2.1 Илимий жетекчилер менен байланыш системалуу түрдө жүргүзүлсүн.

2.2. Докторанттар ай сайын илимий иштин жүрүшү боюнча маалымат берип турсун.

**.УГУЛДУ:**

Докторанттардын жеке өнүгүү планы боюнча кафедра башчысы Жолдошов Т.М. түшүндүрмө берди. Ал пландын максаты — ар бир докторанттын изилдөө, окутуу, академиялык мобилдүүлүк жана жеке компетенцияларын өнүктүрүү багыттарын аныктоо экенин белгиледи.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

*КМИГД кафедрасыны докторанты Камалов С.*:

Жеке өнүгүү планын жөн эле формалдуу эмес, иш жүзүндө колдонулуучу документ катары түзүшүбүз керек. Ар бирибиз илимий жетекчибиз менен биргеликте жылдык максаттарды, изилдөө багытын жана аткара турган иш-чараларды алдын ала тактап алсак жакшы болот. Ошондой эле планга макала даярдоо, конференцияларга катышуу жана эл аралык тажрыйба топтоо иштерин да кошуу зарыл.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

7.1.Бардык докторанттар өзүнүн жеке өнүгүү планын түзсүн жана программа жетекчиге тапшырышсын.

7.2.Пландар илимий жетекчилер менен макулдашылып, бекитилсин.

7.3.Кафедра жыл ичинде ар бир докторанттын өнүгүү планынын аткарылышын мониторинг жүргүзүп турсун.

**.УГУЛДУ:**

*Кафедра башчысы, программа жетекчи, т.и.к., доцент Жолдошов Т.М. :*

Учурда докторанттардын эл аралык деңгээлде макала жарыялоо иши да жигердүү жүрүп жатат. Айрым докторанттар Scopus жана РИНЦ базаларындагы журналдарга макалаларын жөнөтүшкөн. Мындан ары да ар бир докторант өзүнүн илимий ишин сапаттуу жүргүзүп, жетишкендиктерин конференцияларда жана басылмаларда жайылтуусу зарыл.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

4.1. Бардык докторанттар 2025-жылдын аягына чейин кеминде бир илимий макала жариялоону камсыз кылышсын.

4.2. Конференцияларга катышуу жана долбоорлорго тартылуу активдүүлүгү жогорулатылсын.

**5.АР ТҮРДҮҮ МАСЕЛЕ**

5.1 Докторанттар ар бир семестрдин соңунда илимий-изилдөө иштери боюнча отчет тапшыруусу жана кафедрада коргоо өткөрүүсү.

5.2. Докторанттар эл аралык академиялык алмашуу жана стажировкаларга катышуу мүмкүнчүлүктөрүн жөнүндө.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

Каралган маселелер боюнча тиешелүү аракеттер көрүлүп, ишке ашыруу кафедранын ар бир докторантына милдеттендирилсин.

*Төрага* *Т.М. Жолдошов*

*Катчы* *А.М.Мамадиярова*